И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, доцент Акматов Кыялбек Камутовичтен изденүүчү **Алибекова Умирхон Болтабаевнанын «Мектептин XI классында «Манастаануу» курсун окутуунун технологиялары» аттуу темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** шифрына ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

# РАСМИЙ ОППОНЕНТТИК ПИКИРИ

**Илимий жетекчиси - филология илимдеринин доктору, профессор А. Турдугулов.**

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

**Иште адистигинин паспортуна** 13.00.02 – окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрине ылайык орто мектептердин бүтүрүүчү класстарында «Манастаануу» курсун окутуунун технологиялары боюнча илимий-усулдук багытта изилдөө жүргүзүлгөн.

Диссертациялык изилдөө кириш бөлүмдөн, үч главадан, корутундудан, практикалык сунуштардан жана библиографиядан турат. Жалпы көлөмү – 179 бет, негизги текст – 159 бет.

**2. Иштин максаты катары** жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин XI класстарында «Манастаануу» курсун компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун натыйжалуу технологияларын иштеп чыгуу, аларды эксперименттик сынактан өткөрүү проблемасы алынган.

**Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

- кыргыз адабиятынын мектеп курсунда «Манастаануу» курсун өздөштүрүүнүн педагогикалык, дидактикалык, адабий-теориялык жана илимий-методикалык технологияларынын негизин жана шарттарын аныктоо;
- окутуунун компетенттүүлүккө негизделген методикалык принциптерин учур талабына ылайык иштеп чыгуу;



И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 34 «15» 09 2023 ж/г

- кыргыз адабиятынын мектеп курсунда элдик оозеки чыгармаларды жана «Манас» эпосун окутуунун теориядагы, практикадагы абалын үйрөнүү жана аны жакшыртуунун жолдорун белгилеп алуу;

- мектептин бүтүрүүчү класстарында «Манастаануу» курсун окутуунун натыйжалуу формаларын, каражаттарын жана методдорун аныктап, практикага сунуш кылуу;

- изилдөөдөн алынган натыйжаларды эксперименттик сыноолордон өткөрүү.

Жогорудагы милдеттерди чечүү үчүн изденүүчү алты мектепте тажрыйба жүргүзгөн, изилдөөнүн зарыл педагогикалык методдору пайдаланылган.

Диссертациянын изилдөө объектиси диссертациясынын максат жана милдеттерине ылайык келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** КР Президенти «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жана «Улуттук нарк тууралуу» жарлыктарга ылайык азыркы шартта мектептерде «Манас» эпосундагы педагогикалык идеялар аркылуу окуучуларды тарбиялоо, аларга улуттук баалуулуктарды үйрөтүү өзгөчө мааниге ээ. «Манастаануу» курсу көп жылдан бери 18 сааттык бөлүм катары 11-класстарда кыргыз адабияты предметинин курамында окутулуп келе жатса да анын методикасы илимий аспектиден иштелип чыкпагандыгы; ЮНЕСКО бүткүл дүйнөлүк материалдык эместер мурас тааныса да, көлөмү жана варианттарынын көптүгү жагынан Гиннес китебине киргизилсе да, азыркы кыргыз жаштарынын бул улуу мурасты окууга кызыгуусунун пассивдүүлүгү; илим-билимдер интеграцияланып жатса да, элдик эпосту окутуунун методикасы башка элдердин педагогика, адабияттаануу илими менен салыштырма-типологиялык байланышта каралбагандыгы ж.б.

Диссертациянын темасы актуалдуу, диссертант тарабынан өз алдынча иштелип чыккан иш болуп эсептелет.

**3. Илимий натыйжалар.**

3.1. Иште кыргыз адабиятын окутуунун теориясы жана методикасы илиминин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар алынган: изилдөөнүн темасына байланыштуу методикалык эмгектер үйрөнүлгөн, практикалык тажрыйбалар жыйынтыкталган, теманын буга чейинки изилденишине обзор берилген, булар боюнча негиздүү тыянактар айтылган. 11-класстта «Манастаануу» курсун окутуунун негизги өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн. Бул курсту окуп-үйрөнүүнүн методикасы боюнча сунушталган ыкмалар жана жолдор педагогикалык эксперименттен өткөрүлгөн. Теманы ачып берүү үчүн

методологиялык таянычтар туура табылган, алардын идеяларды диссертацияда чагылдырылган.

3.2. Сунуштардын жана алынган натыйжалардын азыркы педагогика илими үчүн жаңылыгы төмөнкүлөр менен байланышат: «Манас» эпосун окутуунун ааламдашуу доорундагы максаттары, милдеттери аныкталган; эпосту бул класста окутуунун мазмуну жана формалары туура табылган жана алар текшерилген; эпостун кыргыз маданиятындагы орду бүгүнкү мектеп практикасы менен байлыштырылган; XI класста «Манастаануу» курсун окутуунун жалпы педагогикалык, дидактикалык, адабий-теориялык жана методикалык принциптеринин адабиятты окутуунун азыркы талаптарына ылайык компетенттүүлүтүн негизинде алгачкы жолу иштелип чыккан жана аларды өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрү, педагогикалык шарттары жана жолдору көрсөтүлгөн.

3.3.Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө: XI класста «Манастаануу» курсун окутуу боюнча сунуш кылынган ыкмалар, жолдор жана каражаттар педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип, алардын майнаптуулары практикага сунушталган.

3.4. Иштин теориялык мааниси бар, анда диссертант теориялык жоболорун илимий-практикалык негизде сунуштайт.

3.5. Диссертациялык иш анын квалификациялык белгилерине негизинин туура келет

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

Диссертацияда алынган илимий натыйжалар төмөнкүлөрдө ишке ашырылган: «Манастаануу» курсун окутууда кыргыз адабияты предметинин мугалимдерине окутуунун мазмунун, сабактын максатын так аныктоого, билим берүүнүн формаларын жана методдорун, каражаттарын жаңылоодо практикалык көмөк көрсөтөт.

**5. Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине негизинен дал келет.**

**6. Диссертациянын теориялык корутундуларынын апробацияланышы.** Тема боюнча теориялык ойлору эксперименталдык мектептерде (Ош шаарынын Самидин Алымкулов атындагы № 33 мектеп, № 42 Керме-Тоо мектеп-гимназиясы, Ноокат районунун Бегалы Абдиев атындагы орто мектеп, Жалал-Абад облусунун Сузак районуна караштуу №7 Жусуп Турусбеков атындагы орто мектеп, Баткен областынын Кадамжай районундагы №8 Максим Горький атындагы орто мектеп, Кара-Суу районунун №130 Шабы Жумаев атындагы орто мектеп) сынактан

өткөрүлгөн жана он беш макалада чагылдырылган, Ош мамлекеттик университетинде талкууланган.

**7. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Диссертациянын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу проблемасына көп токтолгон, иштин темасында бул маселе чагылдырылган эмес;

2. Диссертациянын кириш бөлүмүндө теманы тандоо үчүн себеп болгон карама-каршылыктар конкреттүү чагылдырылбай калган.

3. Диссертацияда, авторефератта стилистикалык, орфографиялык каталар абдан көп кездешет.

**8. Корутунду: Алибекова Умирхон Болтабаевнанын «Мектептин XI классында «Манастаануу» курсун окутуунун технологиялары»** деген темадагы диссертациясы өз алдынча аткарылган иш жана анын эмгегин азыркы учур үчүн актаулдуу деп баалоого болот.

**9. КР ЖАКтын "Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына диссертациянын дал келиши.**

Жогоруда айтылган алгылыктуу жагдайларды эске алуу менен, изденүүчү **Алибекова Умирхон Болтабаевнанын «Мектептин XI классында «Манастаануу» курсун окутуунун технологиялары»** аттуу деген темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык диссертациялык иши КР ЖАКтын "Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына толук дал келет, ал эми автору Алибекова Умирхон Болтабаевна педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жана ыйгарууга толук татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент Акматов Кыялбек Камутович,**
КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин
мектептеги жана мектептен тышкаркы
билим берүү башкармалыгынын башчысы,
педагогика илимдеринин доктору, доцент
(13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун
теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)

*К.К. Акматовдун колун тастыктаймын*
*Кадрлар бөлүмү*

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМ
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА